# Бардыгы жайында



Автор: Элисон Бирнс

Сүрөтчү: Элисон Бирнс

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Бардыгы жайында

Автор: Элисон Бирнс
Сүрөтчү: Элисон Бирнс
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*At Least I'm Okay!*, Copyright © 2016, Pratham Books түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Бардыгы жайында" (кыргыз тилинде), автор Элисон Бирнс, сүрөтчү Элисон Бирнс, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган. Pratham Books ©2016 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/5398-at-least-i-m-okay

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Сакулэнд абдан кооз өлкө болгон. Ал жерде деңиздер жана токойлор, өрөөндөр жана бийик тоолор бар эле. Анда Уна аттуу тоо эчки жашачу.



Жаныбарлар Сакулэндди жакшы көрүшчү. Жайыт кенен, коён менен эликтерге чөп жетиштүү болчу. Канаттуулар жана аюулар жегидей көптөгөн курт-кумурскалар да бар эле.

Крокодилдер менен жапайы мышыктардын азыктанышы үчүн балыктар да аябай көп эле. Таза, муздак суу баарына жетиштүү болчу.

Уна тоонун чокусунда, эң бийик жерде жашачу.

Аскалуу чыйырлардан ылдый-өйдө чыгып-түшүү да оңой эмес болчу. Уна башка жаныбарлар менен аралашып жүргөндү жактырчу эмес. Ага жалгыздык жакчу.

Кээде Уна башка жаныбарларды акылсыз деп эсептечү. “Эмне үчүн бардык иштерди чогуу жасаш керек? Булакка жалгыз эле барып, суу ичип келсе болбойбу? Мен өзүм каалаганымды кылам”, – деп ойлочу.

Ар бир жаныбардын кайсы бир ишке жөндөмү бар. Бирок Уна өзүнүкүн баарынан мыкты деп эсептечү.



Акырындап, Сакулэндде аба-ырайы өзгөрө баштады. Бирок жаныбарлар буга анча маани беришпеди.

Бир жолу Саулэнддин сууларында жашаган киттер башка жактарга көчүп кетмекчи болгонун айтышты.



– Эмнеге кетип жатасыңар? Бул жерде абдан жакшы го! – дешти ташбакалар.

– Бул жердин суусу биз үчүн абдан жылуу болуп калды. Биз суусу муздак түндүк тарапты көздөй кетебиз.

Киттер муздак сууда жашаганды жакшы көрүшчү. Сакулэндде суу чынында эле жылып кеткен эле.



Таш бакалар эми киттердин сонун ырларын сагынышат. Бирок алар буга көп деле башын ооруткусу келген жок. "Биз үчүн баары эле жакшы болуп атпайбы", – деп ойлошту ташбакалар.

– Бул киттер кандай кылдан кыйкым тапкан немелер? – деп Уна өзүнчө күбүрөндү. – Мага күн ысып кетсе да, сууп кетсе да баары бир. Аба-ырайы кандай болсо да, ага каршылыгым жок. Бардык жаныбарлар мендей болсо кана! – деп Уна өзүнчө сыймыктанып койду.

Көп өтпөй, баары киттерди эсинен чыгарышты. Бирок бир күнү ташбакалар да бул жерден кетүүгө камынып калышты.

– Силер эмнеге кеткени жатасыңар? Бул жерде өзүңөрдү бактылуу сезчү элеңер го? – деп жапайы мышыктар сурады.

– Бизге кум жетишпей жатат. Жумурткаларыбызды кумдуу жээкке таштаарыбызды билесинер да. Жээктеги кум кайда кетти?

– Кум бир કездерде чоң аскага чейин жеткени эсибизде. Бирок азыр чоң аска мурункудай болуп көрүнбөй калды. Аны суу жайпап салды, – деди карыган ташбака.

– Ташбакалар үчүн абдан жаман болду. Бирок бизге баары эле жакшы, – деп жапайы мышыктар да өздөрүн жooткотуп коюшту.



Уна ташбакалардын кетип баратканын көрүп:

– Мага жээкте кум калабы же суунун астына көмүлүп кетеби – айырмасы деле жок. Ташбакалар журт которуп акылсыздык кылышты, – деди.

Уна оттогонго чөп издеп кетип, муну унутуп койду.

Андан кийин жапайы мышыктар кете баштады. Алар дарыядан даамдуу балыктарды кармап жей албай калганын айтып даттанышты. Дарыя булактын суусундай болуп соолуп калды.



– Байкуш жапайы мышыктарга жаман эле болду. Бирок биз үчүн баары эле жакшы, – деп өздөрүн жооткотушту эликтер.

Уна суу ичкен булакты карап туруп:

– Жапайы мышыктар чындыгында күчтүү жаныбарлар эле. Бирок алар күч жагынан мага жетпейт экен, – деп өзүнчө корсоюп койду.





Бир жолу Уна таң калыштуу нерсени байкады.

Жыл сайын анын тоосундагы кар эригенде, булакка таза суу толуп турчу. Бирок, негедир, эми кар азайып калгандай.

Уна көргөн көзүнө ишенбей: "Балким, мага жөн эле ушундай көрүнүп жаткан чыгар", – деп ойлоду.




Бирок ушундан кийин Сакулэндге таң калыштуу жаныбарлар келе баштады. Алар уйлар экен.

Баары уйлар менен дос болууга аракет кылышты. Бирок уйлар эч кимге анчейин көңүл бурган жок. Алар тынымсыз эле чөптү чайнап эле, чайнап эле …жеп жатышты. Алар ушунчалык көп болчу!

Эликтер чөп азайганда, кайгыра башташты. Алар да акырындык менен Сакулэнддин аймагынан сырткары жакка өздөрүнө жаккан чөптөрдү издеп кете башташты.

– Хмм... Менин эмне жеп калганымды көрсөңөр боло. Кэзде ташка жабышып өскөн эңилчектерди жалап жеп калчу болдум. Бул оңой эмес да, – деп Уна ойлонду.

Уна өзүнүн тоосунан кетпегенге колунан келишинче аракет кылды. Бирок ал жей турган чөп, иче турган суу да барган сайын азая берди.



Акырында ач калып, суусаган Уна тоодогу чыйыр жол менен төмөн түшө баштады. Ал дөбөдөгү чөптөрдү жеп көрүп, аны анча жактыра бербеди. Уна өрөөндөн булакка жеткенде, суусунан ичип көрдү. Булак суусу да ал мурда ичип жүргөндөй тунук эмес экен.

Эми Уна башка жаныбарлар бул жактан эмне үчүн кетип жатышканын түшүндү. Демек, ар бир жаныбарга жаккан тамагы жана иче турган суусунун жакын болушу керек турбайбы.



Жаныбарлар Секулэндди жактырган азыгын таап жеш кыйын болуп, суугa да жете албай калганда башка жакка кетишкен турбайбы. Баягыдай шар аккан суулар эми ылайланып аз эле агып калыптыр. Мурда бардыгы пааналаган бак-дарактар курулуш материалдары үчүн кыйылып кеткен экен.

Башка бирөөлөр үчүн өзгөрүүлөр болгондо, Уна кайдигер карачу. Океан жылыганда, киттер өздөрүнө ылайыктуу жай издеп кетишпеди беле. Анда ташбакалар, эликтер жана Унанын өзү да кайдыгер карабады беле.

Бирок кийинчерээк мунун баары ЖАЛПЫГА тиешелүү маселе экенин түшүнүштү.

Уна болсо жанында жакын достордун бар болушу зарыл экенин билди.



Уна жана Сакулэндде жашаган анын достору биз сыяктуу эле климаттын өзгөрүшүнө туш болушту.

Адамдар көмүр менен мунайды ашыкча жакканда, көмүр кычкыл газы асманга көтөрүлдү.

Бак-дарактарды кыйганда да көмүр кычкыл газы бөлүнүп чыгат. Уйлар абага метан бөлүп чыгарса, автомашиналар жана башка унаа каражаттары азот кычкылын абага бөлүп чыгарат.

Бул газдардын баары парник газдары деп аталат. Парник газдары атмосферада Жердин аба кыртышына чогулат. Ошентип, алар глобалдык жылуулукка жана климаттын өзгөрүшүнө алып келет. Атмосферанын жылышы уюлдарда муздун эришине алып келет. Анан океандарда жана деңиздерде суунун деңгээли көтөрүлөт.

Мунун баары аба-ырайына таасирин тийгизип, аба ырайынын күтүүсүз бузулушуна себеп болот. Жайкысын суук, ал эми кышында жылуу болуп калышы мүмкүн. Мурункудай жамгыр да жаабай калышы ыктымал. Бул климаттын өзгөрүшү деп аталат.





Климат өзгөргөндө ...

Токойлор көп кыйылса, атмосферада көмүр кычкыл газынын деңгээли жогорулайт. Токой жаныбарлары мекендеген жайынан айрылат. Алар жайлуу, азыгы кенен башка жерлерди издешет.

Жаан-чачын мурдагыдай жаабагандыктан, дыйкандар түшүмүн кадимкидей өстүрө албай калышат. Алар үрөн сепкени менен, кургакчылыкта жакшы өнбөй калат. Жаан-чачын ашыкча көп болсо да, түшүмдүүлүк начарлайт.

Жашылча-жемиш, кофе жана шоколадсыз дүйнөнү элестетип көрүңүзчү. Мунун баары түшүм жыйноого мүмкүн болбогондуктан келип чыгат!

Аба-ырайы күтүүсүздөн тез өзгөрсө, адамдар да анын зыянын тартышат. Бороон-чапкын, суу ташкыны же кургакчылык болсо, адамдар үйлөрүнөн айрылып, башка жактарга көчкөнгө аргасыз болушат. Абанын булганышы ден-соолугубузга да таасирин тийгизип, тез-тез ооруйбуз.

Адам өзүнүн иш-аракеттери менен климаттын өзгөрүшүнө таасир этип, планетаны булгап жатат. Бүгүн биз кетирген каталарыбызды мойнубузга алып, жер үстүндө жашагандардын баарынын жашоосун жакшыртканга аракет кылышыбыз керек. Адамдардын да, жаныбарлардын да жегенге азыгы жана ичкенге таза суусу жетиштүү болушу зарыл.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Элисон Бирнс
Сүрөтчү: Элисон Бирнс
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли